## Жакып элчинин каты

### Кириш сөз

*Каттын негизги маңызы жакшы иштерди жасоо менен чыныгы ишенимди көрсөтүү. Катта чыныгы динчилдиктин белгилери, кыйынчылыктарда чыдай билип, кубанычты сактап калуунун керектиги, арсарланбай туруктуу ишенүүнүн зарылчылдыгы, тилди башкара билүү керек экендиги тууралуу насааттар бар. Ошондой эле байлар менен кедейлер Кудай үчүн бирдей экендиги, ошондуктан машаяктар бири-биринин социалдык абалына карап, кошоматчылык менен мамиле кылбастан сүйүү менен мамиле кылышы керектиги айтылат.*

### Ишеним жана акылмандык

(1:8)

Кудайдын жана Теңири Иса Машаяктын кулу Жакыптан туш-тушка чачырап кеткен он эки урууга салам.

Боордошторум, ар кандай азгырык-сынактарга туш болгонуңарда аларды дайыма чоң кубаныч менен кабыл алып жүргүлө. Анткени ишенимиңер сыноодон өтүп, көтөрүмдүүлүгүңөр өсөт. Силер эч кандай кемчиликсиз, бардыгында жеткилең болууңар үчүн көтөрүмдүүлүк өз ишинин аягына чыгышы керек. **Эгерде араңардан бирөөңөргө акылмандык жетишпей жаткан болсо, анда ал марттык менен жемелебестен баарына берүүчү Кудайдан сурасын. Ошондо Кудай ага акылмандыкты берет.** Бирок кыпындай да шек санабай ишеним менен сурасын, анткени арсарланган адам шамалга көтөрүлүп, анан чачырап кеткен толкун сыяктуу. Мындай адам Кудайдан бир нерсе алам деп ойлобой эле койсун. Эки ойлуу болуп, арсарланган адам бардык иштеринде бекем эмес.

### Байлык жана жакырлык

(1:9-11)

Бу дүйнөдө коомдун пас катмары деп аталгандарга кирген бурадар, Кудай аны канчалык өйдө баалагандыгына кубанганы жакшы, ал эми бай бурадар анын байлыгы Кудайдын көз карашы боюнча эч бааланбаганын билсе, муну туура кабыл алсын. Анткени, назили байлык дегениң талаада өскөн гүл сыяктуу тез эле соолуп калат. Күн чыгып, мээ кайнаткан ысыгы

менен чөптү кууратат да, гүлүн түшүрүп, сырткы сулуулугунан ажыратат. Ошонун сыңарындай бай адам да байлыктын артынан кууп жүрүп, куурайт.

## Сыноо жана азгырык

(1:12-18)

Азгырык-сынактарды башынан өткөрүп жаткан адам бактылуу, анткени ал сыноодон өтүп, Кудай өзүн сүйгөндөргө убада кылган өмүр таажысын сыйлыкка алат. Азгырыкка дуушар болгондо: “Бул азгырык Кудайдан!” деп эч ким айтпасын! Анткени Кудай жамандыкка азгырылбайт жана өзү да эч кимди азгырбайт. Бирок ар ким өзүнүн күнөөлүү каалоолоруна жетеленип, ошолорго кызыгып азгырыкка дуушар болот. **Андай каалоо күнөөнү тууйт. Ал эми жасалган күнөө болсо, өлүмгө алып келет.**

Алданбагыла, сүйүктүү боордошторум, жакшы тартуулар менен жеткилең белектердин баары көктөн, нурлардын Атасы болгон Кудайдан келет. Ал эч качан өзгөрбөйт, анда өзгөрүүнүн көлөкөсү да жок. Ал өз каалоосу менен жараткандарынын туңгучу болуубуз үчүн бизди акыйкаттын сөзү аркылуу бул жашоого алып келди.

## Угуу жана аткаруу

(1:19-27)

Ошондуктан, менин сүйүктүү боордошторум, ар бир адам укканга тез, ал эми сөз сүйлөө менен ачууга жай болушу керек. Анткени **пенденин ачуусу Кудай каалаган адилдикти жасабайт.** Андыктан ар кандай начар адаттар менен адепсиз кылыктарды ары жыйыштырып, жаныңарды сактап калууга кудурети бар насаат сөздү момундук менен кабыл алгыла. Ошол сөздү угуп, анан аткарбай, өздөрүн өздөрү алдагандардан эмес, аткаруучулардан болгула. Анткени сөздү угуп, бирок аткарбаган адам жүзүн күзгүдөн карап, анан ары карай бурулуп, кандай экенин ошол замат унуткан адамдай. Бирок ким адамдарды эркиндикке чыгаруучу жеткилең мыйзамга жакшылап көңүл буруп, унутчаак угуучудай болбой, андагы жазылгандарды сактап, иш жүзүндө аткарса, анда анын кылган иштерине Кудай батасын берет.

Араңардан бирөө өзүн такыбаамын деп ойлоп, бирок тилин башкара албаса, анда ал өзүн өзү алдаганы. Анын такыбаалыгы ташка да жарабайт. **Кудай Ата таза жана чыныгы такыбаалык деп жетим-жесирлердин**

**кыйынчылыктарына кол кабыш кылып, бу күнөөкөр дүйнөдө булганбай жашоону эсептейт.**

## Кошоматчылык

(2:1-13)

Боордошторум, улуулуктун ээси болгон Теңири Иса Машаякка ишенүүчүлөр катарында адамдардын сырткы көрүнүшүнө карап, бет карамалык кылбастан мамиле жасагыла. Мисалы, чогулушуңарга алтын шакек тагынып, кычырап кийинген адам кирип калды дейли. Ошону менен катар эле жупуну кийимчен адам да келсин. Анан, силер тигил бай кийимченге кайрылып: “Аксакал, кош келиңиз, төргө өтүңүз”, — деп жапылдап, ал эми кедейге болсо: “Эй, сен ошол жерде туруп тур, же бери бас, менин аяк жагыма отур”, — десеңер, анда өзүңөрдүн араңарды бөлгөнүңөрдөн жана таза эмес ниет менен ой жүгүрткөнүңөрдөн улам айыптуусуңар. **Угуп алгыла, сүйүктүү боордошторум, ишенимде бай болуп, мени сүйгөндөргө убада кылган Падышачылыгымдын мураскерлери болушсун деп, Кудай бул дүйнөдөгү кембагалдарды тандап алган.** А силер болсо кембагалды сыйлабайсыңар! Силерди кысымга алып, сотко сүйрөгөндөр байлар болбогондо кимдер? Силерге берилген жакшы наамды жаманатты кылып жатышкан да ошолор го!

Эгерде силер Ыйык Жазмаларда “өзгөлөрдү өзүңдөй сүй!” деп айтылган Падышачылыктын мыйзамына баш ийсеңер, анда туура иш кыласыңар. А эгер эки жүздүүлөнсөңөр, анда күнөө кылып, Мыйзам алдында кылмышкерсиңер. **Эгерде кимде ким Мыйзамды толугу менен сактап, анан бир эле жеринен чалынса, анда ал Мыйзамды толугу менен бузду деп эсептелет.** Анткени “Бузуктук кылба!” деген осуятты берген Кудай “Киши өлтүрбө!” деген осуятты да берген. А эгер сен бузуктук кылбасаң, бирок киши өлтүрсөң, анда сен баары бир кылмышкерсиң. Эркиндикке чыгара турган мыйзам аркылуу соттолуучу адамдардай сүйлөгүлө жана иш кылгыла. Анткени ырайымсыз адамды соттогондо Кудай ырайым кылбайт; Ошондой болсо да Ырайымдын даражасы Соттон бийик.

## Ишеним жана иштер

(2:14-20)

Боордошторум, эгерде ишенем деп, бирок ишенимин далилдеп турган иштери болбосо, андай адамдын ишениминен не пайда? Мындай ишеним

анын өзүн сактап кала алабы? Эгерде ага-иниңерден же эже-карындаштарыңардан бирөөнүн кийгенге кийими, жегенге наны жок олтурса, а силердин бирөөңөр: “Силерди Кудай жалгасын, жылуу кийинип, жакшы тамактангыла!” деп, бирок эч нерсе бербесе, анда анын сөзүнөн эмне пайда? Эч кандай пайдасы жок! Ошонун сыңарындай **ишсиз ишеним өлүк!** Бирок бирөөлөр мындай деп чыгышы мүмкүн: “Сенин ишенимиң бар, а менин иштерим бар!” Андай болсо иштери жок ишенгенди көрсөтүп берчи, мен сага иштеримен ишенимди көрсөтүп берейин. Сен бир Кудай бар экенине ишенесиң; мунуң жакшы, бирок жин-шайтандар деле буга ишенишет, ал тургай бир Кудайдын бар экенинен коркуп, калчылдашат. Ай, акылсыз наадан, ишсиз ишеним өлүк экенин билгиң келеби сенин?

## Ишеним иштер менен толук

## (2:21-26)

Биздин түп атабыз Ибрайым Кудай алдында эмнеси менен акталды эле? Өз баласы — Исхакты курмандык чалчу жайга жаткырып, ишенимин далилдеген иши менен. Көрдүңбү, анын ишеними ошондой ишке түрткөн, ошентип, анын ишеними иштери менен толукталган. Ошондуктан Ыйык Жазмадагы: “Ибрайым Кудайга ишенген, анын бул ишеними анын адилеттиги катары эсептелген жана Ибрайым Кудайдын досу атка конгон” деп айтылган пайгамбарчылык сөз ордуна келет. Көрдүңөрбү, адам баласы жалгыз гана ишеними менен эмес, иштери менен да Кудай алдында акталат. Рахав сойку деле чалгынчыларды жашырып калып, анан аларды башка жол менен чыгарып жиберип, ушул кылган иши менен акталбады беле?

Демек, жансыз дене өлүк болгон сыяктуу эле ишсиз ишеним да өлүк.

## Тил туурасында

## (3:1-12)

Боордошторум! Баарыңар эле окутуучу боло бербегиле. Анткени өзүңөр билгендей, биздин, окутуучулардын, сотубуз катаалыраак болот. Баарыбыз тең көп эле күнөө кетиребиз. Тилинен жаңылбаган адам бүт денесин башкара алган жеткилең адам. Өзүбүзгө моюн сундуруш үчүн аттарга ооздук салабыз да аларды толугу менен башкарабыз. Кемелер да канчалык чоң болсун, канчалык катуу шамалдарга айдалсын, кипкичинекей гана рулдун жардамы менен кемечинин каалаган жагына

сүзөт. Тил да ошондой, өзү кичинекей эле орган болсо да көп нерсени кылып жиберет. Дүпүйгөн токой кипкичинекей оттон жок болуп кетиши мүмкүн. Тил да ошол оттой. Тил — бул катачылыктын дүйнөсү. Адамдын денесинен орун ээлеп алып, бүт табиятын булгап, анын бүт жашоо багытын отко коюп, өзү да тозоктун отуна малынып турат. Биз, адам баласы, бардык айбандарды, канатууларды, бака-жыландарды, деңиз жаныбарларын багындыра алабыз жана багындырдык. Ал эми тилди эч бир адам багындыра албайт. Тил — бул өлтүрө турган ууга чыланган багынгыс жамандык. Тил менен Кудай Атаны алкайбыз да, кайра эле ошол тил менен Кудайга окшоштурулуп жаратылган адамдарды каргайбыз. Алкыш да, каргыш да бир эле ооздон чыгып турат. Боордошторум, мындай болбош керек! Бир булактын көзүнөн таттуу да, ачуу да суу бирдей агып чыга алабы? Анжир дарак, алма бербейт, жүзүм сабагы анжир байлабайт, ошол сыяктуу эле бир булак туз суу менен таза сууну бирдей агыза албайт.

## Көктөн түшкөн акылмандык

## (3:13-18)

Араңарда даанышман, түшүнүктүү адам бар болсо, анда ал даанышмандыгын үлгүлүү жүрүш-турушу, момундугу жана акылмандык менен жасалган иши менен көрсөтсүн. А эгер көрө албас, ичи тар, ачуулуу жагыңар бар болсо, анда мактанып, Акыйкаттын алдында күнөө кылбагыла. Мунуңар көктөн түшүүчү акылмандык эмес! Ал бул дүйнөнүкү, пенделик сезимдерге жана шайтанга таандык “акылмандык”. Анткени башаламандык менен бардык жамандык, көрө албастык менен ачуу бар жерде.

Көктөн түшкөн акылмандык биринчиден аруу, анан тынчтыкка умтулган, момун, кичи пейил, мээрим менен жакшы жемиштерге мол, адилеттүү жана ак болот. Жакшылык — бул элчилердин тынчтыкта сепкен уруктарынан өсүп чыккан түшүм.

## Бул дүйнө менен достук

## (4:1-10)

Араңардагы кастык менен талаш-тартыштын себеби кайдан? Ичиңерде согуш жүргүзүп жаткан күнөөлүү каалоолоруңардан эмеспи? Бир нерселерди каалайсыңар, бирок албайсыңар, ошондуктан өлтүрүүгө даярсыңар. Бир нерселерди ашыкча эңсейсиңер, бирок жетпейсиңер, анан

бака-шака түшүп чырдашып, кырылышып эле жатып каласыңар. Силер каалаганыңарды албайсыңар, анткени аны Кудайдан сурабайсыңар. Сураганыңарда, адал ниет менен сурабагандыктан, ала албайсыңар. Анткени өзүңөрдүн күнөөлүү каалоолоруңарды канаатандыруу максатында сурайсыңар. Эй, Кудайга ак эместер! Бул дүйнө менен болгон достук — Кудайга карата кастык экенин билбейсиңерби? Ким бул дүйнөгө дос болгусу келсе, Кудайга душман болуп калат. “Ичиңерде жашаган Кудайдын Руху силерди ушунчалык сүйгөндүктөн, жамандыктан кызганат” деп Ыйык Жазмада бекеринен жазылыптырбы? Бирок Кудайдын ырайымы кызганычынан күчтүү, андыктан: “Кудай текеберлерге каршы, ал эми тил алчаак, момундарга ырайымын төгөт” деп айтылат. Ошондуктан Кудайга баш ийип, шайтанга каршы турсаңар, шайтан силерден качып кетет. Кудайга кадам шилтесеңер, ал да силерге кадам шилтейт. Эй, күнөөкөрлөр, колуңарды жуугула! Эки жүздүүлөр, ниетиңерди оңогула! Кайгыргыла, өкүргүлө, боздогула! Күлкүңөр ыйга, кубанычыңар кайгыга айлансын! Кудайга моюн сунгула, ошондо ал силерди көкөлөтүп көтөрөт!

## Ушак тууралуу

## (4:11-12)

Бири-бириңерди жамандабагыла, боордошторум. Ким боордошун жамандаса , же соттосо, анда ал Мыйзамды жамандайт жана соттойт. А эгер сен Мыйзамды соттоп жатсаң, анда сен Мыйзамды аткарып жашаган адам эмей эле соттун ордуна отуруп алгансың. Мыйзам чыгаруучу да, Сот да жалгыз гана Кудай! Куткаруу да, кууратуу да ошонун колунда. А сен, башкаларды соттогон адам, өзүңдү киммин деп ойлойсуң?

## Эскертүүлөр

## (4:13-5:20)

Эми силер, “бүгүн же эртең баланча шаарга барып, анда бир жыл жашап, соода кылып, пайда көрүп келебиз” дегендер, угуп алгыла! Силер бир жыл эмес, эртең эле эмне болуп кетерин билбейсиңер! Силердин өмүрүңөр эмне? Аз гана убакыт көрүнүп, анан жок болуп кеткен буу. “Кудай буюрса, аман болсок, баланча-түгүнчө кыларбыз” дегендин ордуна көпкөндүгүңөрдү көрсөтүп, дардаңдайсыңар. Мындай дардаңпоздуктун баары күнөө.

Ким жакшылык кылуу керек экендигин түшүнүп туруп, кылбаса, ал күнөөлүү болот.

Байлар, менин сөзүмдү тыңдап алгыла! Силердин үстүңөрдө турган кырсыгыңардан улам боздоп ыйлагыла! Байлыгыңар чирип, кийиминерди күбө жеп кеткен. Алтын-күмүшүңөрдү дат басып, алардын даты силерге каршы күбө болуп, от сыяктуу денеңерди жалмайт. Силер байлыкты акыркы күндөргө топтодуңар. Талааларыңарга иштетип, эмгек акысын төлөбөгөндүктөн жумушчуларыңар Кудайга арыз-муңдарын айтып жатышат. Кудуреттүү Кудайдын кулагына алардын муң-зары жетти. Жер бетинде шапар тээп, жыргап жашадыңар. Өзүңөрдү союла турган күнүңөргө бордоп семирттиңер. Силерге каршылык кылбаганды соттоп, өлтүрдүңөр.

Ошентип, боордоштор, Теңирибиз келгенге чейин чыдамкай болгула. Дыйкандарды карасаңар, алар талааларынан кымбат түшүмдү алганга чейин кандай чыдашат. Күз жамгыры менен жаз нөшөрүн сагына күтүшөт. Ошол сыяктуу силер да чыдамкай болгула, ишениминерди бекемдегиле, анткени Теңирдин келе турган убагы жакындап калды. Боордоштор, Кудайдын сотуна кириптер болбоо үчүн бири-бириңердин үстүңөрдөн арызданганды токтоткула. Сот босогодо турат. Боордошторум, азаптарда чыдамкай болуунун үлгүсүн Эгебиздин атынан сүйлөгөн пайгамбарлардан алгыла. Биз аларды бактылуу деп эсептейбиз, анткени алар чыдамкайлык менен баарын жеңип чыгышты. Силер Аюб пайгамбардын чыдамкайлыгы тууралуу жана Теңир акырында ага кандай кылганы жөнүндө уккансыңар, анткени Теңир абдан кайрымдуу, боорукер.

Баарынан да, боордошторум, асман менен да, жер менен да, дегеле эч нерсе менен карганып, ант бербегиле. Ооба дей турган учурда жөн гана “ооба” дегиле, жок дей турган учурда жөн гана “жок” дегиле. Ушундай кылсаңар, Кудайдын сотуна тартылбайсыңар.

Араңарда көйгөйү барыңар болсо, сыйынсын. Шайырыңар бар болсо, Кудайды мактоо ырларын ырдасын. Араңарда бирөө ооруп калса, жамааттын аксакал-жетекчилерин чакырсын. Алар келип, сыйынып, Теңири Исанын атынан майлашат. Ушул ишенимдин сыйынуусу оорулууну айыктырат. Теңир аны кайра тургузат. Күнөө кетирген болсо, кечирилет. Бири-бириңерге күнөөлөрүңөрдү айтып, айыгуу үчүн бири-бириңерге сыйынгыла. Адил адамдын сыйынуусу күчтүү жана көп нерсени кыла алат. Илияс пайгамбар силер сыяктуу эле адам болгон. Ал жамгыр болбосун деп, Кудайдан өтө суранып, сыйынгандан кийин үч

жарым жыл бою жамгыр жааган эмес. Анан кайрадан сыйынганда асмандан жамгыр куюп, жерден эгин өсүп чыккан.  Боордоштор, араңардан бирөө акыйкат жолунан тайып кетсе, анан аны бирөө кайра оң жолго кайтарса, анда муну билип алгыла: күнөөкөрдүката жолунан кайтарган, анын жанын сактап калат жана көптөгөн күнөөлөрүн жаап коёт.